**Муратова Айнура Муратовнанын** «Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары» аттуу 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогикалык илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине расмий оппоненттин

# ПИКИРИ

1 **Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу.** Теманын актуалдуулугун этномаданий цитата менен баштоону туура таптык: «Эс тутумсуз тарых болбойт тарыхсыз салт болбойт, -салтсыз маданият болбойт, маданиятсыз тарбия болбойт, тарбиясыз инсан болбойт, инсансыз улут болбойт»- деп айтылгандай, коомдун заманбап өнүгүү мезгилде билимдүү гана эмес, рухий жактан бай, жалпы адамзаттык, улуттук баалуулуктарга кызыгып, аны чыгармачылык менен өркүндөтүп, кайра келечек, муундарга өткөрүп берип, коргоп, сактай ала турган жаштарды тарбиялоо маанилүү болуп эсептелет.

«Доордун да, жеке адамдын да маданий деңгээли өткөнгө жасаган мамилеси менен өлчөнөт» - деп орус элинин улуу акыны А.С. Пушкин белгилеп кеткен, демек жеке адамдын инсандык маданияты, анын өз элинин улуттук баалуулуктарына кылгын мамилеси жеке маданиятынын көрсөткүчүсү.

Миңдеген жылдар элди эл кылып түптөп, сактап келген элдик улуу мурастар жансыз экспонат эмес, ал азыркы жандуу турмуштун өзү, анын өзөгүн түзгөн көөнөрбөс дөөлөт, дайыма кубаттуу таяныч. Демек, улуттун руханий салт-санаасын чагылдырган улуттук музыка азыркы күндүн массалык-маалымат каражаттары аркылуу тарап жаткан зомбулуктан, кайдыгерликтен «Сактап калчу эң күчтүү каражат».

Улуттук музыка –элдин күлк мүнөзүн, жашоо шартын, салт-санаасын, өзгөчө чагылдырган этнопедагогиканын негизги элементтеринин бири. Улуттук музыканын баалуулуктары мектепке чейинки педагогдордун педагогикалык ишмердүүлүгүндө чыгармачылыкка, профессионалдуулукка шыктандыруучу баалуу каражат. Ушул багытта,изденүүчү улуттук дөөлөттөрдү окуп үйрөнүү, сактоо, муундан-муунга өткөрүп берүү келечек ээлерин тарбиялоочулардын бирден бир башкы милдети, бул мектепке чейинки педагогдордун улуттук руханий жана материалдык дөөлөттөрү боюнча билимдеринин жана көндүмдөрүнүн калыптануусун талап кылуу маселесинин изилдениши актуалдуу болуп саналат.

**2. Диссертациялык изилдөөнүн максаты:**

Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун мазмунун, критерийлерин, деңгээлдерин, педагогикалык шарттарын аныктоо жана алардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү жана ал максатка ылайык төмөндөгү милдеттерди аткаруу каралган:

- мектепке чейинки педагогдорго билим берүүдө улуттук музыканын ордун ачып көрсөтүү;
- педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун мазмунун, критейлерин жана денгээлдерин айкындоо;
- педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо;
- аныкталган педагогикалык шарттардын, методдордун эффектүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү, илимий практикалык сунуштарды иштеп чыгуу;

3. **Изденүүчүнүн диссертациялык ишинде төмөндөгүдөй илимий жаңылык алынган:**

- Улуттук музыканын орду, мектепке чейинки педагогдорго билим берүүнүн компоненти катары ачылып көрсөтүлүшү: мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун мазмуну, критерийлери, денгээлдери жана педагогикалык шарттары аныкталып педагогикалык шарттар аркылуу мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыктыруунун натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилген.

**Биринчи бөлүм «Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун теориялык өбөлгөлөрү»** деп аталып, педагогика, психология, музыкатаануу илимдериндеги изилдөөлөрдө улуттук музыкалык маданияттын көйгөйлөрүнө арналган илимий эмгектер талдалып, рухий жактан бай улуттук баалуулуктарды чыгармачылык менен өркүндөтүп, сактап, үйрөтүп, келечек муундарды тарбиялаган кесипкөй адистерди даярдоо мезгилдин талабы экени баса белгиленген. Бүгүнкү күндө педагогдордун, ата энении маанилүү маселеси-баланын чыгармачыл жөндөмүнүн өз убагында байкап, өнүктүрүп, өз жеке индивидалдуулугун жетишкендиги катары сездирүү болуп эсептелинет. Гегель: «Адам эки жолу төрөлүшү керек, биринчи жолу табигый, экинчисинде-рухий» -деп бекеринен жазбагандыр.

Улуттук музыка баланын жан дүйнөсүнүн калыптануусунда эң башкы орунда турааары, алардын музыка дүйнөсүнө алгачкы кадамы муундан-муунга өтүп келген бешик ырынан башталаары, бешик ыры аркылуу наристенин көркөм сөзгө жана музыкага болгон табити калыптанаары ыраттуу түрдө көрсөтүлгөн.

Улуттук музыка окуу тарбия процессинде инсандын гумандуулулук, нравалык жана профессионалдык калыптанышына чоң таасир берүүчү педагогикалык мүмкүнчүлүктөрдү сиңиргендиги аныкталган.

**Экинчи бөлүм «Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруучу изилдөөнүн методдору»**- деп аталып, мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгууларын калыптандыруучу илимий-педагогикалык шарттары бар бир катар факторлордун таасири менен ишке ашаары белгиленген: -мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандырууда заманбап технологияларды, окутуунун активдүү ыкмаларын пайдалануу жакшы натыйжа бергендиги.

-программалык материал менен методдордун бири-бирине туура келиши;

-мектепке чейинки педагогдордун билимин туура баалоо.

Диссертациялык изилдөөдө, Муратова Айнура Муратовнанын туура тандалган методдор, улуттук музыка боюнча теориялык билимдердин топтолушу; угуу, ырдоо, бийлөө, ойноо аркылуу тааныштыруу; окуу процессинде, өз алдынча иштөөдө билимин өркүндөтүү. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу үчүн улуттук музыканы камтыган тапшырмалардын системасы: чыгармаларды ар кандай ыкмалар менен аткаруу, репертуар тандоо, майрамдык сценарийлерди, кластер түзүү, кроссвордорду толтуруу, суроолорго жооптор деп аталган талаптары, педагогикалык шарт катары алынган материалдардын мазмуну жана аны ишке ашыруу маселелери окутуу процессинин сапатын жогорулатууда пайдалуу болоорун белгилеп кетсек болот.

**«Педагогикалык экспериментти уюштуруу жана анын жыйынтыктары» деп аталган үчүнчү бөлүмдө** изилдөөнүн практикалык абалы, аныкталган. Мында, мектепке чейинки педагогдордун улуттук

музыканын багыттары боюнча билимдерин, кызыгууларын арттырып, практикалык негизинде музыкалык ишмердүүлүктүн калыптандыруу менен айкындалгандыгы көрсөтүлгөн.

**4. Диссертациялык иштин негизги натыйжалары.** Диссертациялык иште изилдөөнүн объектисине, предметине жана максатына ылайык милдеттер аныкталып, ар кандай деңгээлдеги илимий жыйынтыктар жана натыйжалар алынган жана аларды төмөндөгүдөй мүнөздөөгө болот:

1. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун мазмундук компоненттери критерийлери, мүнөздөмөлөрүнүн модели түзүлгөн.

2. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары иштелип чыккан;

3. Бала бакчадагы балдардын музыкалык ишмердүүлүгүнүн түрлөрүндө ар кандай усулдар жана көндүмдөр менен текшерүү аныкталган.

4. Музыкалык ишмердүүлүктөрдүн түрлөрүндө улуттук музыканын жанрларын аткаруу талдоо, баалоо көндүмдөрүн калыптандыруусунун жолдору иштелип чыккан.

5. Улуттук музыкага кызыгуусун өнүктүрүүчү чыгармачыл тапшырмаларды колдонуу, улуттук музыканын аспаптык, вокалдык бөлүгү боюнча викторина, жаңы маалыматтар анализделген.

**5. Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси:**

1. Улуттук музыка жалпы жана адистик компетенцияларын калыпандырууда күчтүү каражат; ички жана сырткы гармониялдуулукка жол ачкан руханий –педагогикалык билимдердин булагы боло алат; инсандык, гумандуулук, нравалык адистик маданиятынын калыптанышына чоң таасир берип, педагогикалык чеберчиликтерин калыптандырат; адеп ахлагын

калыптандырып, эли жерин сүйүүгө, элдик каада салттарды билүүгө, сактоого шарт түзүп, чыгармачыл ишмердүүлүгүнө, жөндөмдүүлүктөрүнө жол ачып, көркөм-эстетикалык табиттерин өстүрөт.

2. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу өз ара бири-бири менен тыгыз байланыштагы аксиологиялык, когнитивдик, практикалык, эмоционалдык, рефлексивдик сыяктуу компоненттердин байланышынан тургандагы аныкталып, бул аныкталган компоненттер улуттук музыканы үйрөнүүнү шарттап, ал аркылуу келечек муундарды тарбиялоочу билгичтер менен көмдүндөрдүн тутумун түзөөрү аркылуу окутуучулар өз сабактарынын сапат деңгээлин көтөрө алат.

**6. Изилдөөнүн жыйынтыктарынын аныктыгы жана далилдүүлүгү төмөндөгүлөр менен негизделет:**

Изилдөө ишинде сунушталган сапатты башкаруу системасынын, окутуу-үйрөтүү натыйжалуулугу бир нече убакытка созулган педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары менен тастыкталган. Эксперименттин жыйынтыктарын талдоодо тиешелүү статистикалык критерийлердин көрсөткүчүнөн алынган натыйжалардын ишенимдүүлүгүн толук тастыктап турат.

Натыйжалардын далилдүүлүгүн, аныктыгын маселеге тиешелүү кеңири илимий адабияттардын талданышы, изилдөөнүн максатына ылайыктуу изилдөө ыкмаларынын колдонулушу тастыктап турат. Коюлган маселенин фундаменталдуулугун, ачылып жаткан маселелердин ишенимдүүлүгүн жана баяндалышынын тереңдигин мүнөздөгөн изилдөө логикасынын, изилдөө ишинин натыйжасы жана жыйынтыктыгы келип чыккан.

**7. Диссертациянын практикалык натыйжаларын пайдалануу боюнча конкреттүү сунуштар:**

1. Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу үчүн, музыкалык ишмердүүлүктүн бардык түрүндө иш алып баруу үчүн түзүү.

2. Улуттук музыканы камтыган ноталык адабияттарды, аудио, видео жазууларды (CD, DVD) көрсөтмө куралдарды бала бакча үчүн чыгаруу керек.

3. Бала бакчада улуттук музыканын үлгүлөрүн колдонуп, музыкалык дидактикалык оюндарды, музыкалык викториналарды уюштуруу зарыл.

4. Мектепке чейинки педагогдорду даярдаган жогорку жана орто окуу жайлары үчүн улуттук музыканы камтыган методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу керек.

5. Илимий изилдөөнүн натыйжаларын улуттук баалуулуктарды жандандыруу, сактоо максатында мектепке чейинки педагогдорду даярдаган жогорку жана орто окуу жайларына жайылтуу зарыл.

**8. Изилдөөчүнүн жекече салымы:**

- Мектепке чейинки педагогдорго билим берүү процессинде улуттук музыканын орду талдоого алынган;
- Улуттук музыкага кызыктыруунун педагогикалык шарттары аныкталган; тапшырмалар системасы, тесттер, кроссворддор аркылуу улуттук музыкага кызыктырууну окуу процессинде ишке ашыруунун технологиялары сунушталган окуу-иш планы,
- типтүү программа, ОМК иштелип чыккан.

**9. Изилдөөнүн жыйынтыктары** илимий-практикалык конференцияларда талкууланган. Изилдөөнүн темасына ылайык, 20 макала, алардын ичинен 4 макала Россиядан 5 макала Казахстандан, 11 макала Кыргызстандан жарыяланган, ал эмгектер негизинен изилдөөнүн багытына туура келет. Алардын негизгилери илимий-практикалык конференцияларда жана семинарларда, кеңешмелерде талкууланган.

**10. Диссертациинын мазмуну менен автореферattын мазмунунун шайкештиги.**

Автореферattын мазмуну диссертациялык иштин теориялык негиздерине, илимий аппаратына, изилдөө методдоруна жана анда коюлган изилдөөнүн максаты менен милдеттерине толугу менен дал келет.

**11. Жогоруда белгиленген жетишкендиктер менен катар диссертациянын мазмунунда төмөндөгүдөй кемчиликтерди көрсөтүүгө болот**

1. Диссертациялык иште, негизинен мектепке чейинки педагогодордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу менен гана чектелген.

2. Мектеп жашына чейинки баланын рухий дүйнөсүн калыптындырууда, бешик ырынын гана таасирдүүлүгү көрсөтүлгөн.

Аталган пикирлер каалоо мүнөзүндө болуп, диссертациянын негизги теориялык жана практикалык натыйжаларына олуттуу таасир этпейт. Изилдөөнүн мазмуну жана андагы көрсөтүлгөн эксперименталдык жыйынтыктар талапка толугу менен жооп берет.

## ЖЫЙЫНТЫК

**1. Муратова Айнура Муратовнанын** «Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары» аттуу 13.00.01- жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн жазылган диссертациялык иши мектепке чейинки педагогодордун жалпы жана адистик конпетенцияларын калыптандырууда, усулдук жолдомо катары рухий өнүгүүсүнө чоң өбөлгө болот. Көркөм-эстетикалык табитин өстүрөт жана калыптандырат.

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын жогорку аттестациялык комиссиянын «окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү» жобонун талабына жооп берет.

**2.** Диссертациялык иштин автору **Муратова Айнура Муратовна** 13.00.01 жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын ыйгарууга толук татыктуу деп эсептөөгө болот.

**Расмий оппонент,**
**Б.Бейшеналиева КММИУнун илимий иштер,**
**мамлекеттик тил жана эл аралык байланыштар**
**боюнча проректору, п.и.к доцент** **С.А.Жолдошбекова**

ОТДЕЛ КАДРОВ